УДК 93:94

Алымбеков К.А., Кожомуратов А.Т.
К.Тыныстанов ат. ЫМУ

АБДЫКЕРИМ СЫДЫКОВ (1889-1938-ж.ж.)

Кыргыз элинин эң чоң трагедиясы 20-кылымдын 30-40-жылдарындагы репрессия болуп саналат. Канчалаган кыргыздын кыраандары ушул апаатта жок болгон. Андай кыргыздын уулдарынын арасында азыркы Кыргыз Республикасынын өз алдынча мамлекет болушуна өзгөчө салым кошкон инсандардын бири Абдыкерим Сыдыков эле. Макалада А.Сыдыковдун саясий ишмердүүлүгү жана трагедиялуу өмүр баяны баяндалат.

Абдыкерим Сыдыков 1889-жылы азыркы Аламүдүн районундагы Баш-Кара-Суу айылында солто уруусунан манаптын үй-бүлөсүндө туулган.Сыдыковдун чоң аталары Чүй өрөөнүнүн белгилүү манаптарынан болуп, учурунда таасирдүү адамдардын катарына кирген. Чоң атасы Өзүбек Пишпек уездинин Талкан болуштугун көп жылдар башкарган. Өз атасы Сыдык да Талкан болуштугун башкарып кийин Пригородный болуштугунда бий болуп шайланган. Абдыкерим алгач өзүнүн чоң атасы салдырган мусулман мектебинде окуп ал жерден арабча кат тааныган. 1904-1911-жылдары ошол кездеги Орто Азиядагы билимий агартуу борборлорунун бири болгон Верный шаарындагы (азыркы Алмата) гимназияда билим алган. Мындай гимназия ошол мезгилде Орто Азияда эки жерде, Ташкентте жана Верныйда болгон. Ал жерде окутуу орус тилинде болуп, немец, француз, латын тилдери, математика, тарых, география сабактары окутулган. Гимназияда Бишкектен 15 бала окуп, 7 кыргыз болчу. Кожомурат Сарыкулаков эң жакшы окуп, гимназияны күмүш медалы менен бүткөн. Гимназиянын директорунун өтүнүчү боюнча ал адегенде Киев университетине өтүп, кийин Казань университетинин юридикалык факультетинде окуган. Ата-энеси кедей болгондуктан ага казынадан стипендия берилген. Ден соолугунун начарлыгы жана революция анын окуусун бүтүүгө мүмкүндүк бербеди. Үйүнө келгенден кийин ал «Букара» союзун уюштуруп, анын башында турган, бирок 1918-жылы тез эле кайтыш болгон.

Верный гимназиясын бүтүрүүчүлөрүнүн арасынан келечекте белгилүү инсандар чыккан: М.В.Фрунзе, Ороз Жандосов, Мухамеджан Тынышпаев, Абдыкерим Сыдыков ж.б[1]. 1911-жылы Абдыкерим гимназияны аяктап, окуусун улантуу үчүн Казань университетинин ветеринария факультетине тапшырган. Бирок, ал жакта аба ырайы ден соолугуна тескери таасирин тийгизип, университетти бүтпөй калган. Абдыкерим Казандан келгенден кийин, ишмердүүлүгүн кыргыз балдарынын сабатсыздыгын жоюу үчүн, 1913-1916-жылдары Нарын жана Каракол уездерине мектеп ачкан жана ал мектептерде өзү мугалим болуп иштеген. Орус тилин мыкты билгендиктен ушул эле жылдары ал Пишпек уездик башкармалыгында катчы жана тилмеч болуп иштеген. 1914-жылы декабрда Россияда Романовдор династиясынын 300 жылдыгына арналган юбилейлик медаль менен сыйланган. 1916-ж.сентябрда А.Сыдыков «козголоңчулардын чабуулунун мизин кайтаруу үчүн болгон салгылашууда подполковник Рымашевичтин буйругун так аткаргандыгы үчүн» III даражадагы Ыйык Станислав орденине көргөзүлүп, 1917-жыл келип калып аны албай калган.

[1] *1.Курманов З.К., Садыков Э.Э. Абдыкерим Сыдыков: Личность и история. – Бишкек.: Шам, 2002. -С. 12*

Граждандык наамы подпоручик аскер наамына дал келип, Пишпек уездиндеги 5 офицердин бири болгон. А.Сыдыковдун өмүр баянындагы ушул фактылар келечекте, аны эл душманы катары көргөзүүдө бир канча жолу пайдаланылган 1917-жылы Россияда Февраль революциясы болуп, 2-мартта убактылуу өкмөт түзүлөт. Бул өкмөттүн штабтары Россиянын колонияларында түзүлүп, Кыргызстанда да убактылуу өкмөт орноп, А. Сыдыков Пишпек уезддинин комиссарынын орун басары болуп иштеген. 1917- жылы жай айларында Орто Азияда саясий жактан түшүнүгү терең, курч жергиликтүү жаштардын Пишпектеги "Алаш-Ордо" казак-кыргыздардын партиясынын бөлүмүн Пишпекте ачууга катышып, аны Мамлекеттик думанын мүчөсү, кадет А. Байтурсунов жетектеген. Бул партия элдин алдына эркиндик, теңчилдик, демократия, кыргыз жана казак элинин бир туугандыгы, алардын суверендүү өнүгүшү керек деген чакырыктарды көтөрүп чыккан. Партияны уюштурууда кыргыздын жаштары дагы четте калбай Абдыкерим Сыдыковго Ишенаалы Арабаев, Касым Тыныстанов, Н. Тулин өңдүү келечектеги мыкты инсандар жардам берген. 1918-жылы "Алаш-Ордо" партиясынын Пишпектеги бөлүмү тарап, ушул эле жылы большевиктер партиясынын катарына өткөн. 1919-1920-жылдары Жети-Суу областынын мусулман бюросунун төрагасынын орун басары, андан кийин Туркестан Коммунисттик партиясынын Жети-Суу обкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы болгон. 1921-жылы июлда Советтердин Жети-Суу областык аткаруу комитетинин төрагалыгынын орун басары болуп иштеп, кийин төрагасы болгон. 1922- жылы Туркестан АССРинин Ички иштер Эл коммиссарынын орун басары болуп иштеген. Ушул эле жылы Советтердин бүткүл союздук I сңездинде кыргыз жеринен барган өкүл болуп катышат.

XX-кылымдын 20-30-жылдарындагы кыргыз саясий элитасынын алдындагы милдет кыргыздардын өз алдынча мамлекет катары союздун курамына кирсин жана жок, казактар менен бир болсун деген эки ача пикир болгон. Абдыкерим Сыдыков баштаган топ 1922-жылы март айында Тоолуу кыргыз областын түзүү боюнча маселе көтөрүп чыккан. Себеби 1920-жылы 25-августта Кыргыз (Казак) АССРин түзүү боюнча декрет кабыл алынып, Туркестан АССРинин курамындагы Жети-Суу жана Сыр-Дарыя областтары Кыргыз (Казак) АССРине кошулуп калган. Башкача айтканда кыргыз эли Казак АССРинин курамына кирип калган. Бул болсо, иш жүзүндө кыргыз элинин мамлекет катары өз алдынчалыгы жоголду дегенди түшүндүргөн. Тоолуу Кыргыз областын түзүү боюнча демилге 1922-жылдын мартында Советтердин Бүткүл Түркүстандык 13-сңездинде колдоого алынган. 1922-жылы 25-мартта Тоолуу Кыргыз областын түзүү боюнча чечим чыгарылып,уюштуруу комитетинин төрагасына А.Сыдыков бекитилген. Ага Пишпек,Каракол,Нарын уездери жана Олуяата уездинин тоолу бөлүгү кирип, борбору Кочкор кыштагы болмок. Кыргыздар жашаган аймактын бир бөлүгүндө бирдиктүү, өз алдынча улуттук автономиялуу мамлекет түзүүгө реалдуу мүмкүнчүлүк ачылмак. Бирок, бийликтеги Р. Кудайкулов, А. Каменскийлер тараптан колдоого алынбай, бул чоң саясий карама-каршылыкка алып келген. Натыйжада И. В. Сталиндин көрсөтмөсү менен атайын чакырылган сңездин иши токтотулган. 1922- жылы 23 мартта Тоолуу Кыргыз областын түзүү боюнча уюштуруу комитетинин төрагасы А.Сыдыков Жети-Суу областык аткаруу комитетинин төрагалык кызматынан бошотулуп, партиянын катарынан чыгарылат.

Бул ага жана анын жактоочуларына тийген катуу сокку болгон.

Бирок, 1922-жылы А.Сыдыковдун иши кайра каралып, анын партиялуулугу кайра калыбына келтирилген. Кара-Кыргыз автономиялуу областын түзүү боюнча уюштуруу иштерине активдүү кирише баштаган. Анын мындай иш аракеттери "бай манап тукуму, мурдагы полицей" деп катуу сынга кабылып, 1922-1924-жж. үч жолу партиядан чыгарылып, кайра калыбына келтирилген. 1924-жылы Октябрь айында Кара-Кыргыз автономиялуу областы түзүлүп, А.Сыдыков баш болгон бир топ адамдар мамлекеттик жетекчилик кызматтарга атайын киргизилбей калган. Чындыкты тайманбай айткан, коомдогу болуп жаткан иштерге, саясий ишмер катары терең анализ бере билген Абдыкерим Сыдыковдун кийинки тагдыры «Отузчулардын» каты менен байланыштуу болду.

1925-жылы Кыргызстандагы мамлекеттик кайра түзүү боюнча жүргүзүлгөн иш чараларды талдоо менен 30 партиялык жана советтик кызматкерлер жогору жакка кат менен кайрылган. Катта партиялык жетекчиликтин иши, анын советтик жетекчиликтин ишине кийлигишүүгө аракеттенүүсү жөнүндөгү жагдайлар сынга алынган. «Отузчулардын» башчысы А.Сыдыков эле.

Жогору жактан кат терең анализге алынбастан эле улутчул деген мүнөздө бааланды. Ошол эле жылы «отузчулардын» башчылары партиядан чыгарылып, жетекчилик кызматтардан алынган.

Активдүү саясаттан четтетилген Абдыкерим Сыдыков 1926-1932-жж Ташкенттеги Орто Азия мамлекеттик университетинде (САГУ) айыл чарба факультетинде окутуучу, илимий кызматкер болуп иштеген. Кийин Ортоазиялык пахтакерлик институнун суу чарба факултетинин деканынын орун басары кызматына көтөрүлгөн.

Кыргыздын туңгуч гезити Эркин-Тоону түзүп, уюштуруучуларынын бири болгон. Анын биринчи санында (7-ноябрь 1924-жылы) коомдук турмушту чагылдырган "Эл жана сарамжал" деген макаласы жарыкка чыккан. Андан сырткары кыргыз элинин тарыхына да кайрылып, "Кыргыз элинин уруулук бөлүнүшү" деген илимий макаласын чыгарган. Бул макаланы жазууда илимий адабияттарды, орус авторлорунун эмгектерине кайрылып, шилтеме жасаган жана бул эмгеги Ташкенттен 1927-жылы китеп болуп чыккан. Андан тышкары 1930-жылдары «Көчмөн калктардагы малды кармоону уюштуруу», «Борбордук Азиядагы жут жана тоюттун жетишсиздиги жөнүндө. Тарыхый мүнөздөмө» деген эмгектерин жараткан.

1932-жылы Кыргыз АССРинин жетекчилеринин сунушу менен кайрадан Кыргызстанга чакырылып, Кыргыз АССРинин мампланынын төрагасынын орун басары болуп иштейт. Бирок, көп узабай 1933-жылдын 9-майында камакка алынып Ташкентке алынып келинет. Аскер прокуратурасы тарабынан 1934-жылдын 28-февралында "улутчул контрреволюциялык уюмдун жетекчиси" деп күнөө тагылып, үй-мүлкүн конфискациялоо менен10 жылга эркинен ажыратылган. Андан Чита, Комидеги ГУЛАГка алып барышып, кайра 1938-жылы 10-февралда Кыргыз ССРинин НКВДсынын чечими менен Социал-Туран партиясынын уюштуруучуларынын бири катары күнөө коюлуп, өлүм жазасына тартылып, 18-февралда 49 жашында атылган. Кыргыз элинин өз алдынчалыгы жана гүлдөп өнүгүшү үчүн күрөшкөн адамдардын катарында турган Абдыкерим Сыдыковдун тагдыры ушундайча аяктаган. А.Сыдыков бала кезинен эле элдик

чыгармаларга кызыгып, өзгөчө "Манасты" абдан баалаган. Кийин эл арасына чыгып, өзүнүн саясий ишмердүүлүгүн баштаган мезгилде да "Манасты" көңүл сыртына калтырган эмес. Академик В.Плоскихтин жазган макаласында А.Сыдыковдун псевдоними Манас болчу деп жазат. Ал элдик чыгармачылыкты, өнөрдү баалап гана койбостон учуру келгенде чыгармачыл адамдарды да колдогон. Мисалы, 1911-жылы Уфа шаарында жазгыч акындардын бири Молдо Кылычтын Чүй өрөөнүндө өткөн кылымдын башында болуп өткөн катуу жер силкинүүнү баяндап жазган "Зилзала" деген чыгармасына өзү баш сөз жазып, басмадан чыгарууга көмөктөшкөн.

Абдыкерим Сыдыковдун улуу баласы Иса Сыдыков 1941-жылы башталган Германия менен СССРдин ортосундагы согушка катышып, Германияга чейин барып келген. Эрдиги үчүн бир топ сыйлыктарды алып, Советтер союзунун баатыры наамына эки жолу көрсөтүлүп, "эл душманынын" уулу деген сыяктуу себептер менен ага жетпей калган. Учурда анын уул-кыздарынын арасынан жалгыз Эрк Сыдыковдун көзү тирүү. Ал өз тагдыры жөнүндө төмөнкүлөрдү эскерген: *Атам 1958-жылы акталган. Ошентсе да көп маани бирбей, кайра эле эл душманы, төрт жолу партиядан чыккан деп, аны күнөөкөр көрсөтүп келишти. Мени дагы мектепте окуганда комсомолго араңдан зорго алып, араң институтка кабыл алып, бир топ сүйрөлдүм. Ошентип атып институтту бүткөндөн кийин партияга албай коюшту. Саясий жактан жетиле элексиң дешип. Ошондо Байланыш институтун биринчи жолу кыргыздардын арасынан мен бүткөм. Кыргыздардын арасынан биринчи байланыш инженери болгонума карабай коюшкан. Экинчи жолу Хруцевдун мезгилинде иштеринин бардыгын аскердик прокуратура текшерип, кайра чечим чыгарганда атам толук түрдө акталып, андан кийин гана партияга өттүм.*

Андан кийин Ленинградга аспирантурага кирип, техникалык илимдердин кандидаты болуп Кыргызстанга келдим. Көп жакшы жумуштар, мынабу радиолук байланыш, теле берүү, радио берүү дегендердин бардыгы мен Капиталдык курулуш министринин орун басары болуп турганда кол алдымдан өттү. Эми ошондо деле көрө албагандар чыкты. Мурдагы аксакалдардын бирөө жазды жогору жакка, "төрт жолу партиядан чыгарылган кишинин баласы министрдин орун басары болуп иштеп атат, бул кандай" дешти. Айтор ошондой жаман адамдар боло берет экен. Жыйырманчы жылдары деле атамдын үстүнөн ушундай арыздар түшүп аткан. Көрдүңүзбү. Ошентип кыргызга күйүп кызмат кылган, кыргыздын чоң инсандары Ишеналы Арабаев менен Абдыкерим Сыдыковдун балдарынын арасынан бүгүнкү күнү жалгыз мен калдым.

Адабияттар:

1. Курманов З., Садыков Э.Э. Абдыкерим Сыдыков: Личность и история. – Бишкек: Шам, 2002.

2. Плоских В, Курманов З. и др. У истоков кыргызской национальной государственности. – Бишкек «Илим», 1996.

3. Курманов З. Политическая борьба в Кыргызстане 20-е годы. – Бишкек: Илим, 1997.